# БАЙЫРКЫ ТҮРКТӨР ЖАНА АЛГАЧКЫ ОГУЗ–ТҮРКМӨНДӨР

**ПРОФ. ДР. Ө. КАРАЕВ**
Кыргызстан улуттук илимдер
академиясынын тарых институту

Түрк элдеринин жаралышында жана алардын тарыхында «теле» жана «тюкю» деген ысымдар менен байыркы доордо Борбордук Азияда жашаган эки көчмөн ири бирикме негизги ролду ойногон. Алардын түпкү теги хунн /сюнну, гунн/ жана динлин уруулары менен өтө тыгыз байланыштуу.

Кытай тилиндеги маалыматтар боюнча теле уруулары биздин эрабыздын башталыш чендеринде «гаогюй» («бийи араба») деген этноним менен азыркы Монголия жана Туванын аймагында көчүп жүрүшкөн. Кийинчирээк алардын бул эки ысмы летопистерде бир эле мезгилде кездешип, бара–бара «гаогюй» термини жоюлуп кеткен. Теле бирикмесинин тарыхында сеяньто, вэйхо, паегу, тунло, пугу, апа, телеер, секме, таланко /доланьго/, кипи, атйе, хун, хусие/хуса/, фуло, филико, тубо жана гулигань аттуу уруулар чоң ролду ойношкон. Алар чоң Хингандан Тянь–Шань жана Түндүк Кытайга чейинки аралыкта көчүп жүрүшкөн.

Түрк /тюркют, – ту–кю – ж.б./ уруулары жөнүндө биринчи маалыматтар Кытай мамлекетинин Бэй ши (304–436), Чжоу шу (556–581), Бэй Ци шу (550–577) жана Суй шу (589–619) династияларын тарыхында кездешет. Алардагы түрктөрдүн чыгышы жөнүндөгү легендалардын ичинен экөө өтө кызыктуу. Анын бири боюнча түрк урууларынын ата – бабалары хунндардын түндүгүндө, Со аймагында жашаптыр. Алар 70 бир тууган болуп, эң улуусу Ичжини–Нишыду карышкырдан туулат. Күндөрдүн биринде Со аймагын душмандар талкалаганда Ичжини–Нишыду гана аман калат. Анын бир аялы жайдын перисинин кызы, экинчиси кыштын перисинин кызы экен. Биринчи аялынын төрт уулдуу болуп, алардын бири ак–кууга айланып кеткен экен, экинчиси–Цигу, Афу менен Гянь дарыясынын ортосундагы аймакта, үчүнчүсү Чуси суусунун боюнда падышалык кылыптыр, төртүнчүсү – Басычу–сиши тоо этектеринде жашаптыр. Алардын

эң улуусу Надулу–шад жылуулукту чакыра алчу экен. Ошондуктан жергиликтүү калк аны Тукюе деген ат менен өзүлөрүнө падыша шайлайт. Надулу – шад он аялынын эң кичүүсүнөн Ашина атуу балалуу болуптур. Надулу дүйнөдөн кайткандан кийин анын балдары Ашинаны бир тууганДарынын баарынан бакка бийик секиргендиги үчүн Асянь–шад деген ысым менен падыша шайлап алышыптыр ***(Бичурин,1950:Т.1,221,222).***

Н. А. Аристов биринчи жолу Со аймагын Алтайдын түндүк этегиндеги Лебедь суусунун Бий дарыясына куйган жеринде жашаган со уругу менен Ичжини–Нишыдунун ак ккуга айланып кеткен уулун азыркы ку–кишилер /лебединдер/ менен байланыштырат. Ал эми анын үчүнчү жана төртүнчү баласынын жергесин Катунь дарыясына куйган Чуй бассейнине орноштурууну ниеттенген. Н. Аристов Ичжини –Нишыдунун экинчи уулу Цигунун бийлеген мамлекетчесин Енисей /Гянь/ менен Абакан /Афу/ дарыяларынын ортосуна жайгаштырган ***(Аристов,1897:278,279).*** Айтмакчы, синолог С. Е. Яхонтовдун пикири боюнча, Цигу сөзүнүн өзү «кыргыз» этнонимин алгачкы фонетикалык варианттарынын бири ***(Яхонтов,1970).***

С. В. Киселев жазгандай, Со легендасы качандыр бир мезгилде болгон окуяларга негизделген, андагы тарыхый географиялык аттар, этнонимдер да кандайдыр бир денгээлде ишеним туудурат ***(Киселев,1951:494).*** Ал эми археологиялык изилдөөлөр боюнча Тоолуу Алтай менен Хакасиянын маданиятынын өтө окшоштугу бекеринен эмес. Бул легенданын мазмуну боюнча алтайлыктар менен кыргыздар бир атадан тараган. Чынында эле азыр алардын ичинде мундуз, дөөлөс, кушчу, төрө, кочкор–мундуз, кара–тумат, ак тумат, бөрү, саруу сыяктуу аты окшош этникалык топтор бар. Ошол легендарлык Нодулу –шадтын небереси Бумын Алтайда биринчи түрк каганатын негиздеген. VI–IX кылымдарда алтайлыктар менен кыргыздар түрк, уйгур каганаттарынын составында кошуна жашашкан. Андан кийин 200 жыл чамасында алтай түрктөрү енисейлик кыргыздардын мамлекетине баш ийген. Ошондуктан алтайлыктар менен кыргыздардын арасында аты уйкаш компоненттердин саны көп болуп калган. Ал эми казак, хакас, кара–калпактардын этникалык түзүлүшү бир топ кийин калыптангандыктан, алар менен кыргыз элинин ичинде аты окшош этникалык топтор алда канча кездешет.

Түрк урууларынын чыгышы жөнүндөгү экинчи легенда боюнча алардын түпкү ата–бабалары бир чоң саздын ичинде жашашыптыр.

Кийинчирээк аларды кошуна уруунун аскерлери кырып, бир гана он жаштагы баланын буту—колу кесилип таштaлган. Аны ургаачы карышкыр багып чоңойтуп, душмандардын куугунтугунан кутулуу үчүн күйөөсү болгон мунжуну өлтүрүп, Турфандын түндүгүрөөк жагындагы тоодогу чоң үңкүргө келип, он баланы тууйт. Алар чоңойгондон кийин Турфандык айымдарга үйлөнүшүп, ар бири өзүнчө уруктардын негиздөөчүлөрү болуп калышкан экен. Карышкырдын он баласынын бири Ашина дегени жөндөмдүүлүгүнүн натыйжасында жол башчылыкка шайланып, анын ысмы ал бийлеген урууга берилип калыптыр. Кийинчирээк Асян—шад деген жол башчы ашина уруусун үңкүрдөн алып чыгып, жуандардын жанына вассал болуп калган экен ***(Бичурин, 1050:220,221)***.

С. Г. Кляшторный бул аталган эки легенданын мазмунун анализдеп, аларда чындыктын үлүшү бар деген жыйынтыкка келген. Андан ары автор ал эки уламыштын ичинде түрктөрдүн түпкү тегинин карышкырдан жаралышынан башка, уруулардын кыргынга учурашы, душмандан качып кутулуу процесси, уруунун эң алгач он уруктан турушу, Асян—шадтын түрк урууларынын тарыхында көрүнүктүү ролду ойношу жана түрк этнониминин кечигирээк пайда болушу тууралуу өз ара окшоштуктары бар экендигин тактаган ***(Кляшторный,1965:278)***. Бул фактылар түрк элинин жаралышы жана урууларга бөлүнүшү тууралуу уламыштарда чындыктын үлүшү бар экендигин дагы бир жолу айгинелейт. Мындан тышкары ашина (көк, алтайлык) түрктөрдүн жаралышы жөнүндө Суй шуда төмөнкү тарыхый маалыматтар бар: «Туцэюэнин (түрктөрдүн) ата—бабалары Пинляндын ху (урууларынын) аралашмасынан. Алардын урук ысмы — ашина. Түндүк вэйлик император Тай У—ди Цзюйцюйди жок кылганда Ашина (уруунун жол башчысы) беш жүз үй бүлө менен жуан жуандарга (жуандар) качып кеткен. Алар укум—тукумдашып, Цзиньшань (Алтай) тоолорунун этектеринде жашашып, темирди иштетип чыгуу менен кесиптенишкен ***(Восточный Туркестан, 1992:121)***.

Башка тарыхый маалыматтар боюнча IV кылымдын аяк чендеринде Кытайдын түндүк—чыгышында жашаган сяньби урууларынын бири табгачтар (тоба) саясий жактан күчөй баштаган. 386—ж. алардын жол башчысы Тоба Гуй Түндүк Вэй мамлекетин негиздеген. 431—439 жж. Вэй императору Тай У—ди гунндардын Шэньси жана Пинляндагы Ся, Хэси аймагындагы Түндүк Лян мамлекетин каратып алган. Мына ушул эки падышачылыктын тарыхына байланыштуу кытай жазуу булактарында ашина уруусу

биринчи жолу эскерилет. Тай У—ди 439—ж. Хэсини каратып алганда ашина (уруусу) хунн жол башчылары Ухуэй жана Анчжоу менен адегенде Шиньганга, андан кийин Гаочанга (Турфан) качып барышып, жуандардын карамагында болушкан. 460—ж. Ашина уруусу жуан жуандардын кысымы астында Алтайдын түштүк этектерине көчүп барууга аргасыз болушкан ***(Восточный Туркестан, 1992:122, 134)***.

Ашина уруусу Алтайга көчүп баргандан кийин да мурункудай эле Борбордук Азияда үстөмдүк кылган жуан жуандарга көз каранды болуп, аларга салык төлөп турушкан. Алтай тоолорунун мал чарбачылыкка ыңгайлуу жайлоолору, бай темир кендери алардын саясий—экономикалык жактан өсүшүнө чоң түрткү берген.

Ашина уруу жол башчылары Асянь—шад, Туу жана Бумын жүз жылга жакын мезгилдин ичинде өздөрүнүн бийлигине коңшулаш жергиликтүү калктарды баш ийдирген. Алардын уруу бирикмесинин саясий жактан жогорулашына байланыштуу «түрк» деген жаңы термин пайда болуп, адегенде ал ашина ак сөөктөрүнө, бийлик өкүлдөрүнө гана тиешелүү болсо, бара—бара уруулар союзунун, андагы калктын, кийин мамлекеттин атына айланып кеткен. Бекем, күчтүү деген маанидеги «түрк» этноними биринчи жолу 542—ж. Кытай авторлорунун эмгектеринде кездешет.

Ашина түрк уруулары түзгөн биринчи, экинчи түрк каганаттарынан кийин Борбордук Азияда биринин артынан бири уйгур жана кыргыздар саясий бийликке келген.

Огуздар (гуздар, тогуз—огуздар) адегенде башка түрк элдери менен бирге Борбордук Азияда көчүп жүрүшкөн. Кийинчирээк, айрыкча VII—IX кылымдарда биринчи, экинчи түрк каганаттарынын, уйгур жана кыргыздардын Борбордук Азияда саясий бийлик үчүн күрөштөрүнүн натыйжасында огуздар Орто Азия тарапка көчүп келишкен. Алардын негизги бөлүгү Сыр—Дарыянын төмөнкү агымынын боюнда жайгашкан. Ал эми Абу—л—Газинин (XVII к.) маалыматы боюнча огуздар чыгышта Алмалыкка чейин (Или өрөөнү) жана Ысык—Көл ойдуңунда да жашашкан. Айтмакчы, огуздар же алардын бир бөлүгү түркмөн деген аталышта белгилүү. Ал ысым биринчи жолу ал—Мукаддасинин (X к.) эмгегинде кездешет. Анын маалыматы боюнча, Чүй өрөөнүндөгү Ордо деген анча чоң эмес шаарда түркмөн падышасы жашаган. Эгерде орто кылымдардагы Ордо шаарын азыркы Красная Речка айылынын жанындагы урандылар менен окшоштурсак, анда түркмөндөрдүн бир тобу X кылымда Чүй

өрөөнүндө карлуктардын арасында жашагандыгы белгилүү болот.

Тарыхый булактарда Карахандар менен огуздардын Талас өрөөнүндө жоолашып келгендиги жөнүндө маалыматтар бар. Карахандар Борбордук Тянь–Шанда жана Жети–Сууда бекем орношкондон кийин Батыш тарапты карай жыйышкан. Алар X кылымдын экинчи жарымында Талас өрөөнүндө огуздар менен кагылышкан. Мунун натыйжасында алар Сыр–Дарыя боюн карай чегинишкен.

Бул мезгилде огуз–түркмөндөр эки саясий бирикмеден турган. Алардын биринин башында огуздардын кынык уруусунан чыккан Сельжук турган. Ябгу башчылык кылган огуздардын кысымынын натыйжасында Сельжук дүйнөдөн кайткандан кийин анын балдары Женд аймагынан кетүүгө аргасыз болгон. Мавераннахрга көчүп барган алардын башында бир туугандар Сельжуктун неберелери Мухаммед Тогрул бек жана Дауд Чагры–бек турган. Карахандар Саманийлердин Аму Дарыяга чейинки аймагын басып алгандан кийин 1029–30–жылдары ошол мезгилдеги Мавераннахрдын башкаруучусу Караханид Али–тегин менен огуз–түкмөндөрдүн ортосунда эки жолу согуш болгон. Биринчисинде Мухаммед менен Дауд жеңишке жетишкен. Экинчисинде Али–тегин ири күч жыйнап, огуз–түркмендерди жеңген, мунун натыйжасында алар Мавераннахрды таштап, Хорасанга көчүп кетишкен. Бир аз убакыттан кийин 1040–ж. Данденакандын жанында Дауд менен Мухаммед газневилик султан Масудтун армиясын талкалаган. Ошентип, Хорасандагы бийлик огуз–түркмөндөргө өткөн. Тогрул бек Нишапурда, Чагры бек Мервде такка отурган. Сельжуктун мураскорлору Мавераннахр, Хорезмден тартып Кичи–Азияга чейинки аймактарды каратып алып, аларда бир нече султанаттарды түзүшкөн.

Чыңгыс–хан баш болгон моңголдор 1220–жылдары огуз–түркмөн ээликтерин каратып алган. Монголдор 1241–ж. Кичи Азиялык Сельжук султаны Гияс ад–Динди катуу жеңген. Ушул мезгилден тартып ал монголдорго көз каранды болуп калган. XIII к. аягында Кичи Азиялык сельжуктар 10 дон ашык бейлике бөлүнүшкөн. Ошолордун ичинен түркмөндөрдүн кайсы бир уруунун жол башчысы Эртогрул бей Кичи Азиянын түндүк–батыш чек арасында анча чоң эмес бейлик курган. Ал кол алдындагы көчмөндөр менен сельжук султандарынын биринен руксат алып, 1280–жылдары түркмөн талааларынан Кичи Азиянын батыш чек арасына жөнөгөн. Анын милдети сельжуктардын ээлигин Византиялыктардын кол салуусунан коргоо болгон.

Эртогрул Византиянын чектеш жерлеринен өз бейлигин бир топ кеңейткен. 1281—ж. Эртогрул дүйнөдөн кайткан. Анын ордуна улуу Осмон бийликке келген. 1299—ж. сельжук султаны Гияс ад—Дин Месуд II кол алдындагыларынын көтөрүлүшүнүн натыйжасында борбору Коньядан качып кеткен. Бул абалдан пайдаланып Осмон бийликти өз колуна алган. 1299—жыл Осмон империясынын түзүлгөн датасы болуп эсептелет. Эртогрул—Осмон династиясы 1922—жылга чейин тактыда отурушкан.

## ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР


АРИСТОВ Н. А., (1897), Заметки об этническом составе тюркских племен и народностей и сведения об их численности.//**Живая старина**, Вып, III—IV.

БИЧУРИН Н. Я., (1950), **Собрание сведений о народах, обитавших в Средней Азии в древние времена,** T.I, М. Л.

**ВОСТОЧНЫЙ ТУРКЕСТАН в древности и раннем средневековье**, М, 1992.

КИСИЛЕВ С. В., (1951), **Древняя история южной сибири**.—М.,

КЛЯШТОРНЫЙ С. Г., (1965), **Проблемы ранней истории племени түрк (Ашина).** //Новое в советской археологии, М.

ЯХОНТОВ С. Е., (1970), Древнейшие упоминания названия «кыргыз», **СЭ**, №»,1970